КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
ЧОҢ-АЛАЙ РАЙОНУ
КАШКА-СУУ АЙЫЛ
ӨКМӨТҮ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЧОН-АЛАЙСКИЙ РАЙОН
КАШКА-СУЙСКИЙ АЙЫЛ
ОКМОТУ

# БУЙРУК

12- октябрь 2025-жыл № 01-12/146 Кашка-Суу айылы

## Кашка-Суу айыл өкмөтүнүн аппаратынын "Ишеним телефону" жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын 2025-жылдын 23-сентябрындагы №52-235 жана Чон-Алай райондук мамлекеттик администрациясынын 2025-жылдын 6-октябрындагы №О182 "Ишеним телефону" жөнүндө буйруктарын аткарууга алуу максатында **буйрук кылам:**

1. Кашка-Суу айыл өкмөтүнүн "Ишеним телефону" жөнүндөгү Жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

2."Ишеним телефонуна" жооптуу адис катары коомдук коопсуздук, өзгөчө кырдаалдар жана кирешелер боюнча жетектөөчү адиси Болотбек кызы Нургүл бекитилсин.

3. Болотбек кызы Нургүл бул буйруктун аткарылышы боюнча маалыматты ар бир кварталдын жыйынтыгы боюнча отчеттук мезгилден кийинки айдын 3нөн кечиктирбестен Чон-Алай райондук мамлекеттик администрациясына берип турсун.

4. Ушул буйруктун көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

**Башчы** **А.И. Кудратиллаев**

**Макулдашылды:**

Башчынын орун басары-жооптуу катчы: А.Т.Кудайбергенова

Башкы адис А.К.Алибаев

Кашка-Суу айыл өкмөтүнүн
2025-жылдын 12 октябрындагы
№ 146 буйругуна тиркеме

Кашка-Суу айыл өкмөтүнүн "Ишеним телефону" жөнүндөгү

ЖОБО

## I. Жалпы жоболор

1. Ушул Жобо Кашка-Суу айыл өкмөтүнүн «Ишеним телефонуна» (мындан ары «Ишеним телефону») кайрылган жарандардын кайрылууларын кабыл алуу, каттоо, кайрылууну кароо тартибин аныктайт жана жарандардын укуктарын, мыйзамдуу кызыкчылыктарын кайрылууларга ыкчам чара көрүү максатын көздөйт.

2. 03237-2-22-05 абоненттик номурундагы «Ишеним телефону» Кашка-Суу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жайгаштырылат.

3. «Ишеним телефону» иш күндөрү саат 8:30 дан -17:30 га чейин иштейт, түшкү тыныгуу 12:00 дөн - 13:00 гө чейин (кышкы мезгилде 9:00 дөн -18:00 гө чейин иштейт, түшкү тыныгуу 12:30 – 13:30).

## II. «Ишеним телефонунун» иш милдеттери

1. «Ишеним телефонуна» төмөндөгү милдеттер жүктөлөт:

- жарандардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо, кайрылууларындагы маселелеринин чечилишине ыкчам чара көрүү;
- Кашка-Суу айыл өкмөтүндө коррупциялык жана башка укук бузууларды алдын алууга багытталган чараларга жардам берүү жана чыңдоо;
- Кашка-Суу айыл өкмөтүндө жана мекеме-ишканаларда мүмкүн болуучу коррупциялык көрүнүштөр жана башка укук бузуулар фактыларын аныктоо.

## III. «Ишеним телефонунун» ишин уюштуру

1. «Ишеним телефону» аркылуу жарандардын кайрылууларын кабыл алуу Кашка-Суу айыл өкмөтүндө коомдук коопсуздук, өзгөчө кырдаалдар жана кирешелр боюнча жетектөөчү адиси тарабынан ишке ашырылат.

2. Кызматкерлер жарандардын кайрылууларын кабыл алуу, аларды тексттик формага келтирүү, журналга жана электрондук документ жүгүртүү тутумуна каттоо Кашка-Суу айыл өкмөтүнүн башчысынын кароосуна киргизүү боюнча иштерди алып барышат.

3. «Ишеним телефону» аркылуу жарандардын ар түрдүү мазмундагы кайрылуулары жана, Кашка-Суу айыл өкмөтүнүн башчысынын жана аппарат кызматкерлеринин үстүнөн коорупциялык аракеттери, алар тарабынан кызматтык милдеттеринин өз учурунан кечиктирип жана сапатсыз аткаргандыктары боюнча жарандардын даттануулары кабыл алынат.

4. «Ишеним телефонуна» кайрылган жарандын кайрылуусун кабыл алуу Кашка-Суу айыл өкмөтүнүн жооптуу кызматкери менен жарандын диалогу турүндө болот жана кызматкер (оператор) кайрылган жаранга өзүнүн аты-жөнүн, кызматын тааныштырат.

Диалог учурунда кызматкер (оператор) кайрылган жарандын аты жөнүн (мекеме-ишканалардын - уюштуру-укуктук формасын, аталышын) үй/почта даректерин, телефон номурун, кайрылуунун мазмунун тактайт.

5. Жарандын кайрылуусунда көтөргөн маселеси Кашка-Суу айыл өкмөтүнүн ыйгарым укуктарына кирбеген учурда кызматкер (оператор) жаранга кайсыл мекемеге, кандай тартипте кайрылуусу керектигин түшүндүрүүгө милдеттүү.

6. «Ишеним телефонуна» кайрылган жарандардын кайрылууларын каттоо журналы «Ишеним телефону» турган бөлмөдө жайгашат. Журналдын беттери номурланат жана төмөндөгүдөй графалары болот:

- катар номуру;
- кайрылуунун келип түшкөн убактысы жана датасы;
- арыз ээсинин аты-жөнү, үй/почта даректери, телефон номуру;
- кайрылуунун кыскача мазмуну;
- кайрылууну кароонун жыйынтыгы боюнча белги.

7. «Ишеним телефонуна» кайрылган жарандардын кайрылуулары, ушул жобонун 8-пунктунда көрсөтүлгөндөрдү кошпогондо, «Жарандардын кайрылууларын кароонун тартиби жөнүндөгү" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык каралат.

8. Төмөндөгү учурларда токтоосуз чара көрүү жана Кашка-Суу айыл өкмөтүнүн башчысына тезинен билдирүү талап кылынат:

- Кашка-Суу айыл өкмөтүнүн жана мекеме-ишканалардын обьектилеринде терракт жасоо, уурдоо, өрттөө, архивди жок кылуу жана башка ыкмалар менен материалдык чыгым кылуу коркунучтары жаралган учурларда:
- Кашка-Суу айыл өкмөтүнүн жана аппарат кызматкерлеринин кызматтык милдеттерин аткаруу учурунда ден соолугуна жана өмүрүнө коркунуч жаралган учурларда;
- Кашка-Суу айыл өкмөтүнүн аппарат кызматкерлери тарабынан атайылап же байкабастан кылмыш же жорук жасалган учурда.

9. Укукка каршы аракеттер даярдалып жаткандыгы, жасалгандыгы же жасалып жаткандыгы жөнүндө билдирүүлөр болгон учурда токтоосуз укук коргоо органдарына жөнөтүлүүгө жатат.

**Башчынын орун басары-жооптуу катчы** **А.Т.Кудайбергенова**